Төрөбаева Данахан Калгожоевнанын “Орто кесиптик билим берүү системасында болочок медайымдардын кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун педагогикалык негиздери” аттуу 13.00.08 - кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык ишине расмий оппонент педагогика илиминин кандидаты, доцент Исабеков Асылбек Атамбековичдин

ПИКИРИ

Изилдөө ишинин актуалдуулугу: Кыргызстанда билим берүүнүн Болон процессине өтүшү, адистерге компетенттүүлүк мамиленин негизинде билим берүүгө өтүп, эмгек рыногунда конкуренциянын күчөшү медайымдардын кесиптик деңгээлине өтө жогорку талаптарды коюп жаткандыгы жана аларды даярдап чыгарууга болгон сандык жана сапаттык талаптар өскөндүгүн белгилөөгө болот. Бүгүнкү күндө ден-соолук сактоо мекемелери компетенттүү медайымдарга өтө муктаж болгондуктан компетенттүү медайымдарды даярдоо коомдун талабы болуп жатат. Компетенттүүлүк мамиленин негизде болочок адистерди даярдоо талабы билим берүүнүн мазмунун жана технологияларын өзгөртүп, кесиптик компетенцияларды калыптандырууга багыт алууда.

Болочок адистердин кесиптик компетенцияларын калыптандыруу маселелери педагогикалык илимде кеңири изилденип жаткандыгына карабастан, орто кесиптик билим берүү системасындагы медициналык коллеждерде болочок медайымдардын кесиптик компетенцияларын, компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу маселелери жетишсиз түрдө изилденүүдө. Ошондуктан орто кесиптик окуу жайларда компетенттүүлүктүн негизинде билим берүүгө өтүшүнөн болочок медайымдардын кесиптик

компетенцияларын калыптандыруу маселелерин изилдөө актуалдуу проблема.

Жогоруда айтылгандар изденүүчү Төрөбаева Данахан Калгожоевнанын **“Орто кесиптик билим берүү системасында болочок медайымдардын кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун педагогикалык негиздери”** аттуу теманы тандап алуусу жана изденүүчү тарабынан аткарылган илимий изилдөө өтө актуалдуу жана мезгил таабына ылайыктуу деп кортундулоого болот.

Диссертациялык иш киришүүдөн, үч баптан, жалпы корутундудан, практикалык сунуштардан, пайдаланылган адабияттар тизмесинен жана тиркемелерден турат.

Диссертацияда чыгарылган илимий жыйынтыктын жана изденүүчүнүн корутундусунун негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгүнүн деңгээли.

1-жыйынтык. Илимий адабияттарды талдоо жана медайымдардын практикалык иш-тажрыйбаларына байкоо жүргүзүү аркылуу билим берүүнүн мазмуну, окутуу технологиялары өзгөрүп, адис даярдоого болгон талап жогорулап жаткандыгы, медайымдарды даярдоонун актуалдуулугу жана даярдоо жаатында орун алган карама-каршылыктар далилденип, компетенттүүлүк билим берүүнүн негизинде болочок медайымдардын кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун теориялык негиздери аныкталган.

2-жыйынтык. Болочок медайымдардын кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун компоненттерин, критерийлерин, деңгээлдерин камтыган педагогикалык модели түзүлгөн.

3-жыйынтык. Медайымдардын ишмердүүлүгүн натыйжалуу калыптандыруу үчүн «Болочок медайымдардын кесиптик компетенцияларын калыптандыруу» - деген аталыштагы тандоо курсу иштелип чыгарылган.

4-жыйынтык. Болочок медайымдардын кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун натыйжалуулугу педагогикалык экспериментте

тастыкталган жана изденүүчү атайын адабияттарда берилген сунуштарга таянган.

Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.

- Орто кесиптик билим берүү системасында болочок медайымдардын кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун теориядагы жана практикадагы абалы, илимий педагогикалык негиздери аныкталган.
- Компетенттүүлүк мамиленин негизинде болочок медайымдардын кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун педагогикалык модели түзүлгөн.
- Болочок медайымдардын «кесиптик компетенциялары», «кесиптик компетенттүүлүгү» түшүнүктөрүнүн аныктамасына тактоолор жана толуктоолор киргизилип, анын мазмуну, компоненттери, критерийлери, деңгээлдери аныкталган.
- Орто медициналык окуу жайларда болочок медайымдардын кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун педагогикалык негиздери тандоо курсунун мазмуну, окуу программасы жана окутуунун методдору иштелип чыгып, алардын натыйжалуулугу педагогикалык эксперименттин жардамы менен текшерилген жана жыйынтыкталган.

Алынган жыйынтыктардын практикалык баалуулугу.

- диссертациялык изилдөөнүн негизинде иштелип чыккан илимий-теориялык жоболорду жана практикалык сунуштарды орто кесиптик билим берүү системасында болочок медайымдардын кесиптик компетенцияларын калыптандыруу процессинде пайдалануу болот;

- медициналык окуу жайларда медайым адистиги үчүн билим берүүнүн Мамлекеттик стандарттарын, окуу программаларын жана окуу китептерин түзүүдө, медициналык дисциплиналардын жумушчу программаларын долбоорлоодо жана студенттердин билимдерин өлчөп баалоодо болочок медайымдардын кесиптик компетенцияларын калыптандырууну өркүндөтүү ишинде колдонуу болот.

- медайымдардын кесиптик компетенцияларын калыптандыруу" аттуу тандоо курсунун окуу программасын Республикабыздын медициналык коллеждерине жайылтуу сунушталган.

- медайымдардын билимин өркүндөтүү курстарында, усулдук секцияларда, семинар-тренингдерди өткөрүүдөө колдонууга болот.

Диссертациянын натыйжаларын жана жыйынтыктарын колдонуу боюнча сунуштар:

Диссертацияда алынган натыйжаларды, сунуштарды жана илимий негизделген жоболорду медициналык коллеждерде окуган студенттердин кесиптик компетенцияларын калыптандырууда колдонсо болот.

Автореферaттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине дал келет. Теманын актуалдуулугу, илимий жаңылыгынын жыйынтыгы, практикалык баалуулугу, жалпылоосу толук ачылган.

Диссертациялык иште жетишкендиктер менен бирге айрым мүчүлүштүктөр учурайт.

1.Диссертациянын биринчи главасында "компетенция", "кесиптик копетенция" "компетенттүүлүк" терминдеринин терең ачып көрсөтүү менен катар, медайымдардын кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууга арналган педагогикалык жана теориялык модельдерди да салыштырма катары көрсөтүп кетсе болмок;

2. Болочок медайымдардын кесиптик компетенцияларынын калыптануусун эксперимент аркылуу аныктоодо бир гана ОшМУнун медициналык коллежинин студенттери эмес, Жалал-Абад, Кызыл-Кыя медициналык коллеждеринин студентеринин көрсөткүчтөрү да кошулуп, табицаларда (140, 141 беттер), диаграммаларда салыштырып көрсөтүлсө жакшы болмок.

3. Диссертацияда пайдаланылган адабиаттар тизиминде кээ бир авторлор эки ирээт кайталанып көрсөтүлгөн (№№ 184, 185).

4.Диссертацияда жана автореферaтта грамматикалык каталыктар кетирилген.

Аталган пикирлер каалоо мүнөзүндө болуп, бул мүчүлүштүктөр эмгектин маанисин төмөндөтпөйт, диссертациянын жалпы сапатына, мазмунуна олуттуу таасирин тийгизе албайт.

Төрөбаева Данахан Калгожоевнанын **“Орто кесиптик билим берүү системасында болочок медайымдардын кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун педагогикалык негиздери”** аттуу 13.00.08 - кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык ишин болочок медайымдарды даярдоо боюнча бир бүтүн эмгек десек болот. Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын “Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү” жобосунун талаптарына ылайык коюлган критерийлерге толук жооп берет жана диссертацияык иштин автору Төрөбаева Данахан Калгожоевна 13.00.08 - кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук илимий даражасын алууга татыктуу.

Расмий оппонент:

Педагогика илимдеринин кандидаты,

доцент **А.А. Исабеков**

заверяю.

нач. отдела кадров

“4” 04 20 17 г.